# ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ АЛГАЧ ТААНЫШТЫРУУЧУЛУК ЖАНА ОБЗОРДУК ТАЛДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**ОРОЗБАЕВА ЖЫРГАЛ**
*Кыргызстан Эл аралык университетинин*
*Жалал-Абад филиалы, окутуучу*

Талдоонун алгач тааныштыруучулук тиби буга чейин баяндап айтуу маанисинде аныкталып келди: 1) учкай мүнөздөө, чыгармага учкай көз жүгүртүү, 2) чыгарма менен учкай таанышуу, 3) окуучулардын автор менен учкай жана кызыгып таанышуусу, 4) чыгарманы жалпы баалоо, 5) чыгарманын кыскача талданышы, 6) жазуучунун чыгармачылыгынын иллюстрациясы, 7) жалпы кыскача обзор, 8) кыскача обзор, 9) чыгармага кайталап кайрылуу, 10) үстүрт таанышуу ж.б. Келтирилген аталыштардан биз, албетте, алардын негизине салынган бирдиктүү принципти таба албайбыз, анткен менен бир канча ирет колдонулган «кыскача» сын атооч сөзүнө синонимдеш «учкай» талдоонун бул тибинин типологиялык белгиси катары көзгө урунат. Типтердин иерархиясында адепки орунду ээлөө менен, бул тип окуучулардын чы-гарма менен *кыйла үстүрт* таанышуусун көңүлгө алган тип катары анык-талышы ыктымал. Бул жагдай талдоо үчүн окуу материалын иргеп алууну, кеңириликтин даражасын, анын каралыш тереңдигин аныктайт.

Мектептик талдоонун «көркөм чыгарма тууралуу окуучуларга жалпылап түшүнүк берүүнү» көңүлгө алган алгач тааныштыруучулук тиби анын темала-рынын бири, же образы, же сюжети, же автордун башкы ою, же кайсы бир көркөмдүк бөтөнчөлүгү ж.б. менен тааныштырууну өзүнө милдет кылып коот.

Окуучуларды учкай тааныштыруунун тышкы фактору болуп чыгарманы талдоого бөлүнгөн класстык убакыттын саны эсептелинет. Адатта бир чыгарманы алгач тааныштыруучулук талдоого класстык убактынын 15 мүнөттөн кем эмеси бөлүнгөн болот. Мунун эң сонун мисалы болуп О.Ю.Богданованын XIX кылымдын орус классикалык адабиятынын салттарына жана алардын XX кылымдын адабиятында өнүгүшүнө арналган обзордук лекциясы эсептелинет. Мазмундук кандай болсо, так эле ошондой сандык жагынан болсун, иргеп алуунун терең ойлонулганы бир чакан лекцияга чоң жана татаал материалды сыйдырууга мүмкүндүк түзгөн.

Мектептик талдоонун **алгач тааныштыруучулук тибинде** окуу материалын иргеп алуу обзордук жана текстуалдыктан айырмаланып, көлөмү жагынан аз, кыска, ал эми семантикалык-эмотийдик жагынан маанилүү болушун көңүлгө алат. Ал окуучуларды көркөм чыгарманын ажайып дүйнөсүнө жетелеп кирип, эмоционалдык толкунданууну жаратып, ойлонууга мажбурлап, кызыктыруусу жана сабактан кийин ага кайтып келүүнү каалоосун ойготуусу керек.

Талдоонун алгач тааныштыруучулук тибинде талдоо жумуштарынын бүтүндүгү тууралуу маселе жөн-жай эле чечиле койбору айдан ачык, себеби ал идеялык-көркөмдүк бүтүндүктө каралбайт. Ошону менен катар, чыгарма менен сюжет аркылуу, же болбосо текстинин үзүндү тексттерин пайдалануу негизинде же ансыз эле анын кайсы бир проблемасы аркылуу таанышуу өзүнүн маңызы боюнча бүтүн болуп эсептелинет. Мисалы, сюжетти кайра айтып берүү чыгарманын структуралык, маңыздык жана коммуникативдик мазмуну тууралуу белгилүү бир түшүнүктү жаратат. Эгер окуучулар сабак процессинде адабий туундунун текстин атайын талдоого албай, анын микроэлементи менен гана тааныша турган болушса, үзүндү текст мындай учурда алгач таанышты-руучулуктун алкагындагы форманын кандай болсо, так ошондой эле мазмундун деңгээлинде өздөштүрүлөт, бул жагдай форма менен мазмундун биримдигиндеги талдоонун бүтүндүгү тууралуу айтууга мүмкүндүк берет. Талдоонун бүтүндүгү мына ушундайча макротексттин – бүтүн бир чыгарманын деңгээлинде гана эмес, ошондой эле микротексттин деңгээлинде да ачык көрүнөт.

Алгач тааныштыруучулук типтин **тандап алуучулугу** өтө чектелген болуп мүнөздөлүшү мүмкүн, себеби сабакта тексттин айрым аспектилери гана каралышы

ыктымал. Талдоонун алгач тааныштыруучулук тибинин мазмундуулугу негизинен жетиштүү эле кеңири. Аныктоочу эксперимент көрсөтүп тургандай, сабакта алгач тааныштыруу жумушу алып барылышы мүмкүн: 1) чыгарманын кайсы бир проблемалык-тематикалык аспекти менен; 2) чыгарманын идеялык өзөгү менен; 3) образ-кейипкер менен; 4) чыгар-манын сюжеттик-композициялык курулушунун элементи менен; 5) чыгарма-нын көркөм дүйнөсүнүн бөтөнчөлүктөрү менен; 6) көркөм кептин өзгөчөлүк-төрүнүн бардык көрүнүштөрү: лексикалык-фразеологиялык жабдылышы, кептик семантика, интонациялык-синтаксистик, фонетикалык, ритмикалык жана дагы башка каражаттар менен. Бирок ар бир конкреттүү учурдагы маалыматтуулуктун даражасы обзордук, бөтөнчө талдоонун текстуалдык тибине салыштырмалуу абдан эле чектелген.

**Кеңирилик.** Мектептик талдоонун алгач тааныштыруучулук тиби типтердин иерархиясында талдоонун кеңирилигинин эң аз даражасы менен мүнөздөлөт. Адатта тексттин бир гана элементинин (мазмундук же формалдык) кароого алып чыгылышы алгач тааныштыруучулук тип үчүн мыйзамченемдүү. Мындайда алгач тааныштыруучулук тип анын ар башка түрлөрүндө көзгө урунат, булар кеңириликтин ар башка даражалары менен мүнөздөлөт. Эң аз кеңириликтеги болуп, чыгарма аталып гана кеткени эсептелинет, бирок аталуунун өзү маанилик жана эмотивдик жүк алып жүрөт, бул тууралуу биз алгач тааныштыруучулук талдоонун түрлөрүн караганы-бызда айтабыз. Алгач тааныштыруучулук талдоо кыйла чоң кеңириликке чыгарма сабакта толугу менен окулганда (бул адабий туундунун көлөмү анча чоң болбогон учурларда гана мүмкүн) жана В.Г.Короленконун «Оттор» аңгемесине байланыштуу О.Ю.Богданованын эмгегинде көрсөтүлгөндөй, бүткүл текстти алгачкы кабылдоого таянып автордук ойду ой элегинен өткөрүү мүмкүнчүлүгү келип чыкканда жетишилет. Талдоо, окуучулар текст менен толук таанышканына карабай, алгач тааныштыруучулук бойдон калат, себеби анын кеңирилик даражасы абдан эле чектелүү, чакан.

Көркөм чыгарманы талдоонун алгач тааныштыруучулук тибинин абдан эле чектелген кеңирилиги талдоо учурунда үзүндү тексттердин эң аз санда пайдаланылуусун шарттайт.

Алгач тааныштыруучулук үйрөнүүдө класста окуу үчүн иргелип алынган үзүндү тексттер баарынан мурда тексттин негизги идеялык-тематикалык багы-тын алып чыгууга багытталган, мисалы, талдоонун бул тибинде башкы сөздүн жана эпиграфтардын, чыгарманын кульминациялык учурунун башталышын, эпилогду ж.б.ларды алып чыгуу мына ушуну менен түшүндүрүлөт.

Алгач тааныштыруучулук талдап үйрөнүүдө чыгарманы бүт өздөштүрүү тууралуу кеп кылуунун зарылдыгы жок (көлөмү чакан болгондон тышкары учурларда), себеби аны окуучулар көбүнчөсү алдын ала окуп чыгышпайт, сабакка бирин-экин элементи гана алып чыгылат. Жадесе сюжетти кайра айтууда да кейипкерлердин мүнөздөрү, сүрөттөөчүлүк-көркөм каражаттар, автордук позиция ж.б.лар көңүл буруудан сырткарыда калышат. Алгач тааныштыруучулук үйрөнүүдө кеп чыгарманын айрым элементтерин өздөштүрүү тууралуу гана жүрөт, ошондой эле аларды ой элегинен өткөрүү да жетиштүү чектелген, неге дегенде ал окуучулардын чыгарманы билгенине эмес, турмушта алган тажрыйбаларына таянат.

Ю.И.Лыссыйдын жогорку класстарда көркөм чыгарманы үйрөнүүдө му-галимдин окуучулар менен баарлашуусу дайым эле кайсы бир жалпы кору-тундулар менен жыйынтыктала бербеши керектиги жана «ушундай бир масе-лелер бар экени, буларды талкуулоо өзүнчө маанилүү, себеби окуучулардын рефлексиясын ойгото турганы, алар анын мындан аркы өз алдынча ой жүгүртүүлөрүнүн предмети болуп калышы керектиги» тууралуу ою өзүнүн маңызы боюнча талдоонун кайсы гана тибинде болбосун адилеттүү.

Методист-окумуштуу Г.Н.Иониндин А.С.Пушкиндин чыгармачылыгы боюнча жалпы обзордук маалымдоого делип орус мектептери үчүн адабият программасында сунушталган чыгармаларды анализдөөгө арналган методи-калык эмгектеринде «өз

алдынча андан ары карай билим алууга карата маалыматтык-окутуучулук багыттама» айтымынын колдонулушу кокусунан болбосо керек, ал терминологиялык жактан алгач тааныштыруучулук талдоонун маңызын жетишерлик толук чагылдырат, неге дегенде адабий туундуну алгач тааныштыруучулук кароо аны жеткире өздөштүрүүнүн кеңирилиги жана тереңдиги көз карашынан алганда маалыматтык болуп эсептелинип, ал эми алардын андан аркы билим алуусу китеп окуучулук жагына багыт алган болот. А.С.Пушкиндин прозалык чыгармаларын, кыргыз профессионал адабиятынын мисалында Т.Сыдыкбековдун «Таш күмбөздөр сүйлөйт» («Көк асаба» романынан) үзүндү текстинин же «Көк серек» аңгемесинин каралыш мүнөзү методист-окумуштуу Г.Н.Иониндин пози-циясынын тууралыгын аныктап турат. Маалыматтуулук ошондой эле көп сандагы чыгармаларды (Т.Сыдыкбековдун «Темир», «Биздин замандын ки-шилери», «Тоо балдары», «Зайыптар», «Курбулар», «Сыр ачуу», «Ыманбай пейили», «Көк асаба» «Бел-Белес» романдары баштаган прозалык чыгарма-лары менен жалпылап тааныштыруу) камтуудан да көрүнөт.

Мына ушундайча талдоонун алгач тааныштыруучулук тиби типтердин иерархиясында сабак процессинде каралчу тексттин элементтеринин сандык жагынан абдан чектелүүлүгү менен мүнөздөлөт, мына ушундан чыгарманы алгач тааныштыруучулук талдоонун обзордук жана текстуалдук талдоого салыштырмалуу тайыздыгы келип чыгат. Бирок, мектеп практикасы көрсөтүп тургандай, алгач тааныштыруучулук тибинин маанилүүлүгү түк дагы күмөнсүнүүнү жаратпайт.

Эпикалык чыгармаларды үйрөнүүнүн **обзордук тиби** типологиялык системада тандалмалуулук жана өлчөм белгилери жана да усулдук үлгүлөрдү колдонуунун өзүнө гана мүнөздүү спецификасы менен шартталган өзүнүн өзгөчөлүү ордун ээлеп турат. Талдоонун өзгөчөлүү тиби катары сабак процессинде обзордук үйрөнүүнү пайдалануунун зарылдыгы тууралуу убагында Т.Г.Браже жазып калтырган.

Обзордук үйрөнүү талдоонун чыгарманы бүтүндүк эсебинде кабылдап түшүнүүнү калыптандырууга багытталгандыгын шарттап турат. Бүтүндүк эсебинде калуу менен, обзордук талдоо текстуалдык талдоодон айырмаланып «кыска жана кысылган» болуп эсептелинет. Чыгармаларды обзордуу өздөштү-рүү, биринчиден, текстуалдуулукка салыштырмалуу кыйла аз убакытты талап эткени менен, экинчиден, обзордуу үйрөнүлчү туундуларды алдын ала окуп чыгуу милдет эместиги менен, үчүнчүдөн, аныктоочу эксперименттин жүрүшүндө мугалимдер-дин жана окуучулардын обзордук талдануудагы чыгармага карата текстуалдуу үйрөнүүдөгү адабий туундуга салыштырмалуу азыраак маанилүү жана зор идеялык-көркөмдүк баалуулукка ээ эместигин тааныган өзгөчөлүү психологиялык маанайы менен мүнөздөлөт. Бирок кийинки окуу программаларында сунушталган тандап алуу мүмкүндүгү обзордук үйрөнүлө турган чыгармаларга карата мамилени өзгөртүүгө мүмкүндүк берет го деген үмүттөбүз.

Монографиялык жана обзордук темалар бири экинчисине катарлаш коюлуу менен, адабият курсунун алкагында жалпы милдеттери боюнча гана айырмаланган тең укуктуу объекттерден болуп эсептелишет: монографиялык темаларда окуучулар адабий процесс же конкреттүү туунду менен жазуучунун чыгармачылыгынын мүнөздөлүшү, обзордууда болсо, чыгармалардын же чыгарманын жалпылап каралышы аркылуу таанышышат.

Талдоонун обзордук тибинде авторлордун жана алардын чыгармала-рынын же бир чоң көлөмдөгү чыгарманын башынан аягына дейре жалпылап талданышы көңүлгө алынат, бул ага бөлүнгөн убактынын текстуалдуулукка салыштырмалуу чектелүүлүгү менен мүнөздөлөт. Адатта ири эпикалык чыгарманы обзордук үйрөнүүгө класстык убакыттын 1-2 сааты, чакан жана орто көлөмдөгү туундуну өздөштүрүүгө 0,5–1 саат каралат.

Монографиялык тема эсебиндеги эпикалык чыгарманы обзордук талдоодо алдыга бир нече милдет коюлат. Мында адабий туунду, биздин мисалыбызда «Тоо арасында» романы окуучулар тарабынан сүрөткердин өз алдынчалуу идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүккө ээ оригиналдуу жаратмандыгы катары кабылданышы керек.

**Тандап алуучулук.** Талдоонун обзордук тибинин тандап алуучулугу текстуалдык талдоодогу сыяктуу эле эки пландуу: талдоонун мазмундук аспектиге тийиштүү тандап алуучулугу жана талдоонун методикалык чечилиши менен байланышкан тандап алуучулугу.

Талдоо үчүн чыгармаларды иргеп алуу деңгээлинде көрүнүүчү тандап алуучулук биздин изилдөөнүн объектиси болуп эсептелинбейт, ал программа же мугалимдин жана анын окуучуларынын каалоосу негизинде аныкталат. Талдоонун методикалык чечилиши менен байланышкан тандап алуучулук болсо, обзордук үйрөнүүнүн спецификасы менен шартталган.

Обзордук талдоо текстуалдуу талдоодогу сыяктуу эле чыгарманын үч курамдык мазмундук структурасына: темага, проблематикага жана идеялык мазмунга кайрылууну көңүлгө алат, бирок чектелген өлчөмдө. Башкы, негизги темаларды, проблемаларды тандап алуу мугалимдин методикалык концепциясы-нан көз каранды, бирок иш практикасы көргөзгөндөй, ал көбүнчөсү алардын идеялык-көркөмдүк маанилүүлүгү, автордук позициянын ачылышы, сейрегирээк социалдык-коомдук кырдаал жана да тарбиялык милдеттер менен аныкталат.

Алсак, мисалы, социалдык-коомдук кырдаал деп Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романын обзордук талдоодогу эски менен жаңынын кагылышын атай кетсе болот. Талдоонун борборунда эки образ – Сапарбай менен Саадаттын образдары, калгандары (Ыманбай, Соке абышка, Бердибай ж.б.) мындагы идеологиялык тирешүүнү ар тараптуу толуктап турушат.

Адабий туундуну обзордуу үйрөнүүдө көркөм форманын бардык деңгээлдери аракетке киргизилбейт: адатта чыгарманын табияттык дүйнөсү сырткарыда калат да, бир-эки образ, алардын өнүгүү жолу гана каралат, бүткүл композициясы жана калган образдар четте кала берет. Үйрөнүүнүн бул синтездөөчү этабы чыгарманын мазмундук-формалык элементтеринин бүткүл комплексине эмес, класста каралууга чектелгендерине гана таянат. Демек, обзордук талдоо текстуалдуулукка салыштырмалуу башынан «кысылгандыгы», чектелгендиги менен мүнөздөлөт.

Бир гана теманын же проблеманын талданышы сүрөттөөчүлүк-көркөмдүк каражаттардын иргелип алынуусун аныктайт. Мисалы, бир образ – «Тоо арасында» романындагы Сапарбайдын образы талдоого алынат, ал көбүрөөк таасирдүү фрагментер, мисалдар аркылуу ачылып берилет. Анткен менен обзордуу үйрөнүлүп жаткан чыгарма окуучулар тарабынан бүтүн бир көркөм түзүлүш катары кабылданышы керек, анда ошол мезгилдин окуялары чагылдырылып, автордун дүйнөгө көз караштык позициясы жана анын чыгармачылык өнөрканасынын бөтөнчөлүктөрү ачылат.

Мына ушундайча талдоонун обзордук тибине адатта 0,5тен 1-2 саатка чейинки класстык убакыт каралат да, мектеп практикасында көп эле колдонулат. Ушунда көбүнчөсү чыгарманын аталышы менен байланыштуу башкы тема же проблема (кээде эки) иргелип алынып (алар портреттик мүнөздөмө, окуянын өсүп жетилиши менен сюжети, пейзаждык сүрөттөөлөр, буюмдук, тилдик деталдар ж.б. болушу мүмкүн), талданат.

Талдоонун башка типтери сыяктуу эле обзордук талдоо дайым тарбия берүүгө багытталган. «Тоо арасында» романындагы Сапарбайдын образы окуучуларды өз эли-жеринин тынччылыгы, урматы үчүн каны-жанын аябоого, нукура патриоту болууга үндөйт.

Адабий туундуну класста обзордук үйрөнүүдө фрагменттерди иргеп алуу өзгөчө маанилүү ролду ойнойт, себеби алар көркөмдүк бүтүндүккө жолду ачышы, окуучуларды чыгарма тууралуу жалпы түшүнүк алуусуна жетелеп баруусу керек. Обзордук талдоодо фрагменттердин бири сөзсүз түрдө тандалып алынган проблеманы же теманы ачуучу сюжеттик линиянын өнүгүшүнүн кульминациясы менен байланышуусу зарыл, калган фрагменттер бул сюжеттик линиянын этаптарын чагылдырышат.

Обзордук талдоонун тандап алууга таянуучу **кеңирилиги** башынан эле чектелген,

неге дегенде сабакта тийиштүүсү гана же алдын ала даярдалган маалымдоолордо белгилүү болгону гана каралат, талдоого бүткүл текст эмес, алдыга коюлган проблема же тема менен түздөн-түз байланыштуу бөлүгү гана камтылат. Аналитикалык жумуштун синтездөөчү этабы тексттин тандалып алынган бөлүгүнө гана таянат.

Обзордук талдоонун тандап алуучулукка таянуучу кеңирилиги 1-2 проблема, 1-2 образ жана айрым бир сүрөттөөчүлүк-көркөмдүк каражаттар менен чектелет. Обзордук талдоонун «диапозонунун тарылуусу» көркөм чыгарманын бүтүндүк түзүлүш катары кабылданышын жокко чыгарбаган себептүү адабий туундунун сюжети бул же тигил формада (мугалимдин айтып берүүсү, иргелип алынган талдануудагы фрагменттер ж.б.) окуучунун аң-сезимине сиңириле берет.

**Талдоонун тереңдиги.** Обзордук талдоонун текстуалдык үйрөнүүгө караганда кыйла кууш, бирок жетиштүү кеңирилиги адабий чыгарманын тереңдигине жетишүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Эреже катары, адепки кабылдоонун жоктугу белгилүү бир проблеманы жана көркөм каражаттарды анализдөө үчүн чыгарманын көп тереңдетилбей окулушун шарттайт, неге дегенде каралууга алып чыгылган тексттик материалдын алдын ала окулбагандыгы жана чектелгендиги окуучуларга текстуалдык үйрөнүүдөгүдөй болуп кыйла терең жана негиздүү жыйынтыктарды чыгарууларына мүмкүндүк бербейт. Бирок сабакта алып чыгылган материал эгер ал деталдуу талданган болсо, текстуалдуу типтегидей эле терең болушу да ыктымал.

**Адабияттар:**


1. Архипова Н.М. Лирическая поэзия в обзорных темах 11 класса (Советская литература 1917–1929 годов). В кн.: Активизация преподавания литературы в средней школе. – М.: Учпедгиз, 1961.
2. Браже Т.Г. Проблемы изучения русской литературы в 9 классе вечерней школы. – М.: Просвеүение, 1986.
3. Водовозов В.И. Избранные педагогические сочинения. – М.: Педагогика, 1986.
4. Ионин Г.Н. Школьное литературоведение: Учебное пособие к спецкурсу. – Л.: ЛГПИ им. А.И.Герцена, 1986.
5. Корст Н.О., Смирнов С.А. Методические указания к преподаванию литературы в 8 классе. – М.: МП РСФСР, 1954.
6. Курдюмова Т.Ф. Историзм школьного курса литературы: О формировании исторического подхода к художественной литературе. – М.: Просвеүение, 1974.
7. Кыргыз адабиятынын программасы. Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V–XI класстары үчүн. – Бишкек, 2012.
8. Литература: 10 класс. Методические советы к учебнику-практикуму. / Авт.-сост. Ю.И.Лыссый. – М.: Просвеүение, 1999.
9. Методика преподавания литературы: Учебник для пед. вузов. / Под ред. О.Ю.Богдановой и В.Г.Маранцмана. – М.: Просвеүение, 1995.
10. Программа Виленской классической гимназии. – Вильно: 1869.
11. Программа по литературе для средних обүеобразовательных школ. Научный ред. Т.Ф.Курдюмова. – М.: Просвеүение, 1991.
12. Рыбникова М.А. Построение курса литературы. В кн.: Методика преподавания литературы в советской школе. – М.: Просвеүение, 1969.
13. Спасская К.П. Методические указания к преподаванию литературы в 10 классе. – М.: ГУПИ МП РСФСР, 1952.
14. Стоюнин В.Я. Избранные педагогические сочинения. – М.: Педагогика, 1991